| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ / ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**28.02.2025-ж. №16/4-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программасынын, стратегиялык пландын 2024-жылда аткарылышы жана 2024-жылдын жыйынтыгы менен шаардык кеңештин токтомдорунун аткарылышы жөнүндө шаардын мэринин отчету**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 6-бөлүмчөсүнө, 48-берененин 12-бөлүмүнө ылайык Кара-Көл шаарын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программасынын, стратегиялык пландын 2024-жылда аткарылышы жана 2024-жылдын жыйынтыгы менен шаардык кеңештин токтомдорунун аткарылышы жөнүндө шаардын мэри Н.О.Орозбаевдин отчетун, шаардык кеңештин туруктуу комиссияларынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги IV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кара-Көл шаарын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программасынын стратегиялык пландын 2024-жылда аткарылышы жана 2024-жылдын жыйынтыгы менен шаардык кеңештин токтомдорунун аткарылышы жөнүндө шаардын мэри Н.О.Орозбаевдин отчету канааттандырарлык деп табылсын.
2. Кара-Көл шаарынын мэри (Н.О.Орозбаев) шаардын аймагындагы жерлерди иретке келтирүү, жол жээгине чыгып кеткен курулмаларды, тосмолорду алдыруу боюнча тиешелүү иш алып барсын.
3. Кара-Көл шаарынын мэри ( Н.О.Орозбаев) Кара-Көл шаарындагы социалдык обьектилерди артка кайтарып алуу боюнча тиешелүү иш-чараларды көрсүн.
4. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), ШММБна (Г.С.Асилов), ал эми көзөмөлгө алуу шаардык кеңештин туруктуу комиссияларына жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

---

***ТОКТОМ / ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**28.02.2025-ж. №17/4-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаардык муниципалдык менчик башкармалыгынын 2024-жылда аткарган иштери, муниципалдык менчиктин сакталышы, пайдаланышы тендерлердин өткөрүлүшү жана аткарылган иштердин сапаты боюнча отчёту жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 5-бөлүкчөсүн жана “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамынын 10-беренесинин 8-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кара-Көл шаардык муниципалдык менчик башкармалыгынын 2024-жылда аткарган иштери, муниципалдык менчиктин сакталышы, пайдаланышы, тендерлердин өткөрүлүшү жана аткарылган иштердин сапаты боюнча ММБнын башчысынын орун басары Г.С.Асиловдун отчётун, шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ж.С.Джуробаевдин жана бюджет, экономика жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Т.А.Мамыткановanын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги IV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кара-Көл шаардык муниципалдык менчик башкармалыгынын 2024-жылда аткарган иштери, муниципалдык менчиктин сакталышы, пайдаланышы, тендерлердин өткөрүлүшү жана аткарылган иштердин сапаты боюнча муниципалдык менчик башкармалыгынын башчысынын орун басары Г.С.Асиловдун отчёту канааттандырарлык деп табылсын.
2. Шаардык бюджет бекитилгенден кийин эле тендерлерди жарыялоону баштап, тендердин жыйынтыгы менен түзүлгөн келишимдерде ишти аткаруунун мөөнөтүн белгилеп, түзүлгөн келишим боюнча жасалып жаткан иштердин сапаттуу жана белгиленген мөөнөттө аткарылуусун иш аткаруучудан талап кылуу муниципалдык менчик башкармалыгына (Г.С.Асилов) жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу муниципалдык менчик башкармалыгына (Г.С.Асилов), көзөмөлгө алуу шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына ( Ж.С.Джуробаев) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

---

***ТОКТОМ / ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**28.02.2025-ж. №18/4-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаардык бюджеттин 2024-жылдын жыйынтыгы менен такталган планын жана аткарылышын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 48-беренесинин 12-бөлүгүнүн талаптарына ылайык Кара-Көл шаардык бюджеттин 2024-жылдын жыйынтыгы менен такталган планын жана аткарылышын бекитүү жөнүндө шаардын мэри Н.О.Орозбаевдин отчётун, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгынын начальниги Ж.Т.Осмонкуловдун, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Т.А.Мамыткановanын кошумча маалыматтарын угуп, талкуулап чыгып Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги IV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кара-Көл шаардык бюджеттин 2024-жылдын жыйынтыгы менен такталган планын жана аткарылышын бекитүү жөнүндө шаардын мэри Н.О.Орозбаевдин отчёту, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгынын начальниги Ж.Т.Осмонкуловдун, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Т.А.Мамыткановanын маалыматтары эске алынсын.
2. Шаардык бюджеттин 2024-жылга бекитилген планы **180 040,1 миң сом**, атайын каражатсыз **169 022,1 миң сом** суммасында, такталган план **415 112,5 миң сом**, атайын каражатсыз **396 518,0 миң сом** суммасында бекитилсин.
3. 2024-жылга Кара-Көл шаардык бюджетинин аткарылышынын:
   - киреше бөлүгү **223 833,2 миң сом**;
   - чыгаша бөлүгү **360 025,1 миң сом**,

   анын ичинде бюджеттик мекемелердин атайын каражаттары:
   - киреше бөлүгү **14 772,8 миң сом**;
   - чыгаша бөлүгү **16 713,5 миң сом** суммасында бекитилсин.
4. Шаардык мэриянын резервдик фонддун аткарылышы жалпы **1 976,7 миң сом** суммасында бекитилсин.
5. 2025-жылдын 1-январына бош калган калдык каражат 65 033,4 каражат **миң сом**, анын ичинде бюджеттик каражат **59 236,2 миң сом**, атайын каражат **5 797, 2миң сом** суммасында бекитилсин.
6. Бул токтомго көзөмөл кылуу жагы шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына (Т.А.Мамытканова) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**<br>**КАРА-КӨЛ ШААР**<br>**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**<br>**ШААРДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**<br>**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**<br>**ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ / ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**28.02.2025-ж. №19/4-9** **Кара-Көл шаары**

**Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2024-жылда аткарган иштери жөнүндө отчёту**

«Жайыттар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин 3-пунктуна ылайык жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыт комитетинин төрагасы Т.С.Абдыраимовдун жайыт комитетинин 2024-жылда аткарган иштери жөнүндө отчётун, Кара-Көл шаардык кеңешинин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ж.С.Джуробаевдин, бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Т.А.Мамыткановaнын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги IV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыт комитетинин төрагасы Т.С.Абдыраимовдун жайыт комитетинин 2024-жылда аткарган иштери жөнүндө отчёту, Кара-Көл шаардык кеңешинин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ж.С.Джуробаевдин, бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Т.А.Мамыткановaнын билдирүүлөрү эске алынсын.
2. Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин төрагасы Т.С.Абдыраимовдун жайыт комитетинин 2024-жылда аткарган иштери канааттандырарлык деп табылсын.
3. Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыт комитетине (Т.С.Абдыраимов) Жайыт мыйзамынын талаптарын так аткаруу милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыт комитетине (Т.С.Абдыраимов), ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына (Ж.С.Джуробаев) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

---

***ТОКТОМ / ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**28.02.2025-ж. № 20/4-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарынын Серый көчөсүндө жайгашкан аянты 13799,34 чарчы метр жер тилкесин муниципалдык менчик башкармалыгынын балансына кабыл алуу жөнүндө**

Кара-Көл шаарынын мэринин орун басары Э.С.Тажимырзаевдин, ММБнын башчысы М.С.Курамаевдин Кара-Көл шаарынын Серый көчөсүндө жайгашкан аянты 13799,34 чарчы метр жер тилкесин Кара-Көл муниципалдык менчик башкармалыгынын балансына кабыл алуу үчүн токтом чыгарып берүү боюнча кайрылуусун, Кара-Көл шаардык кеңешинин өндүрүш, курулуш архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-6-беренелерин жетекчиликке алып , Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги IV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кара-Көл шаарынын Серый көчөсүндө жайгашкан аянты 13799,34 чарчы метр жер тилкесин муниципалдык менчик башкармалыгынын балансына кабыл алууга макулдук берилсин.
2. Кара-Көл шаарынын мэриясы (Н.О.Орозбаев), муниципалдык менчик башкармалыгы (Г.С.Асилов) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген тартипте бул токтомдон келип чыккан зарыл чараларды көрсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына ( Ж.С.Джуробаев) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

---

***ТОКТОМ / ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**28.02.2025-ж. № 21/4-9** **Кара-Көл шаары**

**2025-2027-жылдардын салык мезгилдери үчүн Кара-Көл шаарынын аймагындагы турак имараттарына жана жайга мүлк салыгынын базалык ставкасын бекитүү жөнүндө**

Мамлекеттик салык кызматынын Жалал-Абад облусунун Кара-Көл шаары боюнча башкармалыгынын бөлүм башчысы Б.Н.Койчиевдин 2025-2027-жылдардын салык мезгилдери үчүн турак имаратына жана жайга мүлк салыгынын базалык ставкасын бекитип берүү жөнүндө кайрылуусун жана шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Т.А.Мамытканованын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 12-февралындагы № 37 “Кыргыз Республикасынын салык салуу чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Мыйзамын, “Кыргыз Республикасынын Салык кодексин колдонууга киргизүү” жөнүндө Мыйзамынын 4-беренесинин 14-пунктун жетекчиликке алып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги IV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кара-Көл шаарынын аймагындагы турак имараттарына жана жайга мүлк салыгынын ставкасы 1 чарчы метрге 5 сом өлчөмүндө бекитилсин.
2. Бул токтом жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.
3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Мамлекеттик салык кызматынын Жалал-Абад облусунун Кара-Көл шаары боюнча башкармалыгына (У.А.Жумашев), ал эми көзөмөлгө алуу шаардык кенештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына (Т.А.Мамытканова) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
КАРА-КӨЛ ШААР
АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ
ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО
ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

***ТОКТОМ / ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**28.02.2025-ж. №22/4-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарынын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйымдын ставкасын бекитүү жөнүндө**

Мамлекеттик салык кызматынын Жалал-Абад облусунун Кара-Көл шаары боюнча башкармалыгынын бөлүм башчысы Б.Н.Койчиевдин Кара-Көл шаарынын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйымдын ставкасын бекитүү жөнүндө кайрылуусун жана шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Т.А.Мамыткановано билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын Кодексинин 24-главасын жетекчиликке алып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги IV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кара-Көл шаарынын аймагындагы капиталдык жана/же убактылуу курулуштун ээлеринин ар бир жумушчусу үчүн төлөнүүчү жыйымдын ставкасы бир эсептик көрсөткүч өлчөмүндө бекитилсин.

2. Кара-Көл шаарынын аймагындагы капиталдык жана убактылуу курулуштун ээлери таштандыларды ташып чыгаруу үчүн эсептелген жыйымды учурдагы жылдын 1-апрелинен кеч эмес мөөнөттө эсептерин тапшыруу менен төлөшөт.

3. Бул токтом Кара-Көл шаарынын аймагындагы жашоочуларга жайылтылбайт.

4. Кара-Көл шаардык кеңешинин "Кара-Көл шаарынын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйымдын ставкасын бекитүү жөнүндө" 2020-жылдын 21-апрелиндеги № 206/40-7 жана "Кара-Көл шаарынын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйымдын ставкасын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө" № 2022-жылдын 6-сентябрындагы № 81/15-8 сандуу токтомдору күчүн жоготту деп табылсын.

5. Бул токтом жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Мамлекеттик салык кызматынын Жалал-Абад облусунун Кара-Көл шаары боюнча башкармалыгына (У.А.Жумашев), ал эми көзөмөлгө алуу шаардык кенештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына (Т.А.Мамытканова) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**